**Табышмактар жана жаңылмачтар жөнүндө мугалимиңер менен маектешкиле.**

## ТАБЫШМАКТАР

Табышмактар да элдик оозеки чыгармачылыгынын эң байыркы түрлөрүнүн катарына кирет. Байыркы мезгилдерде инсандар кээ бир учурда айрым жаныбарлардын, курт-кумурскалардын, канаттуулардын, жаратылыш кубулуштарын, айтууга тыюу салынган адамдын ар кандай ооруларынын аттарын айтпай, анын ордуна башка каймана маанидеги сөздү колдонушкан. Анткени алар адамдардын сезүү туюмунда жашайт деген түшүнүктө болуп, бул себептен улам ал буюмдарга болгон мамилесин жашыруун сыр кылып, өзгөчө нерселерди ойлоп табышкан. Андай сөздөр тергөө сөздөрү дейилген. Ошол сөздөр каймана түрүндө айтылуу менен катар, табышмакка өтүп кеткени көрүнөт. Бара-бара адамдардын жашоосу өзгөрүлүп, турмуш-тиричилигинде колдонгон буюм-тайымдары жаңырып, коом, илим-техника өнүккөн сайын табышмактардын мазмуну да ошого жараша байып барат.



Мисалы: «Илинип турат бир алмурут,
Жешке болбойт аны уруп» (лампочка).
«Куш десең куш эмес,
Бут десең бут эмес,
Куштай учат.
Буттуудай жүгүрөт,
Муну ким билет» (Самолёт)

Табышмактар – кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындакеңири тараган чыгармалар. Кыштын узун түндөрүндө, же мал жайып жүргөндө, болбосо короо четинде адамдар бири-бирине табышмак айтышкан. Анда кандайдыр бир заттын, буюмдун, көрүнүштүн, же түшүнүктүн өзүнүн аты айтылбайт да, анын негизги белгилери гана берилет. А табылуучу нерсенин атын жашырып коёт. Ошол атты табуу керек болот.

Табышмак өзгөчө балдарга көп айтылган, алардын турмушту жакшы билүүсүнө, аң -сезимин өстүрүү үчүн чоң ролду ойногон.

Төмөндө бир топ табышмактарды жана алардын жообун сунуш кылабыз.

1. Ааламга бир жан келди, үнү бар, сөзү жок.
2. Чытырман токой.
3. Эки таяктын бири алдыга кетсе, бири артта калат.
4. Кичинекей медерим, жер түбүнө жетерим.
5. Эки тууган бирин-бири көрбөйт.
6. Эки суу бар бирине-бири кошулбайт.
7. Сөөгү жок, эти бар, сүйлөгөн сөзү бар.
8. «Тий-тий» десем тийбейт, «тийбе» десем тиет.
9. Бассам, басат, жатсам жатат, чапсам чабылбайт, көмсөмкөмүлбөйт, караңгыда көрүнбөйт.
10. Итче отуруп, адамча жуунат.
11. Төрт буттуу, төөдөй күчтүү.
12. Жыл мезгилин ылгабас, кыштыр-жайдыр кургабас.
13. Жерге бекем түптөдүм, кийиз менен каптадым.
14. Атасы баласын көтөрөт, баласы калпагын көтөрөт.
15. Уучтаса ундан майда, уютса таштан катуу.
16. Буту жок, басат, канаты жок, учат.
17. Өзү – тегерек, жарыгы эң керек, күндүзү көрөм, түндөсү

көрбөйм.

18. Канаты бар, учпайт, куйругу бар, конбойт, буту жок, сойлойт, буттуудай ойнойт.

19. Сааганга сүтү бар, мингенге күчү бар.

20. Узун терек жыгылды, учу менин колумда, булбулдары сайраса, кушу менин колумда.

**Жооптору:** 1. Жаңы төрөлгөн бала; 2. Баш, чач; 3. Эки бут; 4. Көз; 5. Көз; 6. Көз; 7. Тил; 8. Эрин; 9. Көлөкө; 10. Мышык; 11. Пил; 12. Арча; 13. Боз үй; 14. Боз үй; 15. Цемент; 16. Булут; 17. Күн; 18. Балык; 19. Бээ; 20. Комуз.

**Адабият теориясынан**

## ТАБЫШМАКТАР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Табышмак** – деп, жаратылыш кубулуштарын, ар кандай заттар менен түшүнүктөрдү каймана мааниде сыпаттап, жандырмак талап кылган, кыска көркөм чыгарманы айтабыз. Табышмактарда көбүнчө тигил же бул буюмдун, айбанаттын, канаттуунун, табияттын көрүнүштөрүн башка бир ошого түспөлдөш көрүнүштөр менен каймана элестетүү орун алат да, адамдын ой-чабытын, кыялын, акылын өстүрүп, анын баамчылдык, айлана-чөйрөнү аңдап билүү, сезимталдык жана тапкычтык сапаттарын өөрчүтүүчү касиетке ээ.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Жаңылмачтарда бирөөнүн айткан сөздөрүн башка бирөөлөр кайталоо керек. Ал эми аларды кайталоо оңой эмес, атайын жаңылып калуу үчүн ылайыктуу сөздөр тандалат. Биз буга чейин да бир топ жаңылмачтар менен таанышып келгенбиз, демек, силерге кыргыз эл жаңылмачтары анча-мынча жеткен десек болот.

Байыркы доорлордон жаңылмачтар бат сүйлөшүүгө, кеп токуу өнөрүн өркүндөтүүгө кызмат кылган. Сөздү куюлуштуруп айткан чечендер ар кандай жаңылтуу багытында гы тексттер айтылса да, жаңылбай кайталап бере алышкан. Мындай чыгармаларда сөздөр көбүнчө уйкашып, үндөшүп келет. Жалпы тексттин мааниси, ою анча жакшы болбосо да, башка бирөөлөрдүн кайталап айтуусуна кыйын болуусу керек.

Төмөндө бир топ жаңылмачтарды сунуштайбыз:

Аппак кыз,
Тазалыкка таптак кыз.
Талап кылса аппак кыз,
Аппак жака такмакпыз.

***

Гүлбактын гүлдөрүн көрдүңөрбү?
Гүлбактын гүлдөрүнө көндүңөрбү?
Гүлбактын гүлдөрүн көрбөсөңөр,
Гүлбактын гүлдөрүнө көнбөйсүңөр.

***

Көп көпөлөк көкөлөп өтөт,
Көп көпөлөк көлөкөлөп өтөт,
Төрт көпөлөк бөлөк-бөлөк өтөт

***

**токулдак** – куштун аты.

**үпүп** – темгил-темгил чаар жүндүү, ичин көздөй иймейген ийри тумшугу, башында таажысы бар канаттуу

Көп алачык,
Көп алачыкта көк ала чыт,
Көп алачыктагы көк ала чыттан,
Көп ала чык.

***

Суу боюнда дарак өсөт,
Сууну дайым карап өсөт.
Сулуу чачын тарап өсөт,
Суусуз калса араң өсөт.

***

Топ секирет топулдап,
Топ ойнойбуз топурап.
Топурасак токтобой,
Топулдайт топ **токулдак**.

## ЖАҢЫЛМАЧ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**Жаңылмач** деп, ар бир сөзүндө окшош тыбыштар катышкан же айтууга татаал, көп муундуу сөздөрдөн түзүлгөн ыр түрүндөгү сүйлөмдөрдү айтабыз. Жаңылмачтар да табышмактар сыяктуу кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын байыркы түрлөрүнөн болуп, өзгөчө балдар үчүн кызыктуу, эл арасында кеңири тараган, түзүлүшү жагынан кыска, мазмундуу чакан ыр түрүндөгү чыгармалар. Жаңылмачтар тилдин тактыгын, тууралыгын, тездигин калыпка салат, машыктырат.